| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ПАНФИЛОВ РАЙОНУ**<br>**КУРАМА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КУРАМА** |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

"28" июль 2026-жылдагы №38 Панфилов айылы

**Курама айыл аймагына караштуу Панфилов айылындагы мурдагы интернат мектебинин имаратын жана ага тиешелүү жер тилкесин "Курама Суу" муниципалдык ишканасына чарба жүргүзүү укугу менен берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 34, 39-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын 2002-жылдын 15-мартындагы №37 "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" мыйзамынын 16,19-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 2025-жылдын 18-июлундагы №149 "Кыргыз Республикасынын Жер кодекси" Мыйзамынын 21-беренесине ылайык, Курама айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Курама айыл аймагына караштуу Панфилов айылы, Центральная көчөсү №379 дарегинде жайгашкан мурдагы интернат мектебинин имараты жана ага тиешелүү жалпы аянты 19875,0 чарчы метр айыл чарба багытындагы эмес жер тилкеси "Курама Суу" муниципалдык ишканасына чарба жүргүзүү укугу менен берилсин.
2. Курама айыл өкмөтүнө муниципалдык мүлктү "Курама Суу" муниципалдык ишканасына кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде өткөрүп берүү тапшырылсын.
3. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана расмий жарыялоо булактарында жарыялансын.
4. Бул токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Курама айылдык кеңешинин туруктуу жер комиссиясына жүктөлсүн.

**Төраганын орун басары** **Д.М.Манамкулов**